УДК: 301.085-053.7 (572.2)

**Жаркумбаева Айнур**
И.Арабаева атындагы КМУнун Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү факультетинин магистранты
**Жаркумбаева Айнур**
магистрант Факультета истории и социально-правового образования КГУ им. И.Арабаева
**Zharkumbaeva Ainur**
Master's student of the Faculty of History and Social and Legal Education of KSU named after I. Arabaev

# КӨЧӨ БАЛДАРЫ-СОЦИАЛДЫК ЖЕТИМЧИЛИКТИН ТҮРҮ КАТАРЫ

# УЛИЧНЫЕ ДЕТИ КАК ВИД СОЦИАЛЬНОГО СИРОТСТВА

# STREET CHILDREN AS A KIND OF SOCIAL ORPHANITY

**Аннотация:** Бул макалада автор эгемендүүлүккө ээ болгон жылдардан баштап биздин коомдогу үй-бүлө институтунун статусу жана маани-маңызы түп тамырынан өзгөрүүгө дуушар болгондугунун негизинде кароосуз калган балдардын тобу пайда болушунун негизги себептери каралды. Ошондой эле, автор ички жана тышкы мигранттардын, жаш үй-бүлөлөргө коом жана мамлекет тарабынан катуу көзөмөлгө алуусу, үй-бүлө институтун бекемдөө боюнча массалык маалымат каражаттарында адептик насааттарды пропагандаларды жүргүзүү зарыл деп, энелерди баладан ажыратпоо иш аракеттерин алып баруу керектиги белгиленди.

**Аннотация**: В статье рассматриваются основные причины возникновения группы безнадзорных детей на основании того, что статус и сущность семьи в нашем обществе кардинально изменились за годы независимости. Автор также подчеркнут необходимость строгого контроля со стороны общества и государства над внутренними и внешними мигрантами, молодыми семьями, пропаганду моральных советов в СМИ для укрепления института семьи, а также необходимость обеспечения того, чтобы матери не лишались их дети.

**Resume**: The article examines the main reasons for the emergence of a group of street children on the basis that the status and essence of the family in our society has changed dramatically over the years of independence. The author will also emphasize the need for strict control by society and the state over internal and external migrants, young families, the promotion of moral advice in the media to strengthen the institution of the family, as well as the need to ensure that mothers are not deprived of their children.

**Негизги сөздөр:** коом, адам, бала, социалдык, жетим, мигрант, жаш үй- бүлө, көзөмөл

**Ключевые слова:** общество, человек, ребенок, социальный, сирота, мигрант, молодая семья, присмотр.

**Key words:** society, person, child, social, orphan, migrant, young family, supervision.

Кыргыз коомундагы акыркы жылдардагы социалдык-экономикалык, саясий, маданий өзгөрүүлөрдүн процесси «социалдык жетим», «көчө балдары» «текеберге дуушарланган

карылар» сыяктуу жаңы калктын катмарын толуктаган топ пайда болду. Коомдо материалдык баалуулуктар жогору баскычка көтөрүлүүнүн натыйжасында адамдардын моралдык абалы төмөндөп, үй-бүлө институтунун алсыздыгын алып келди. Коомдо үй-бүлө институтунун статусу жана маани-маңызы түп тамырынан өзгөрүүгө дуушар болду, социалдык жетимдердин пайда болуу себептерине: аракечтик, наркомания – 20%, миграция процесси – 18%, ажырашуу - 14%, жумушсуздук - 12%, мамлекеттеги экономикалык начар абал – 10% жана никесиз балдардын төрөлүүсү, үй-бүлөдөгү материалдык жетишпестик, жакырчылык, эрте кош бойлуулук жана башкаларды кошууга болот. Ата-энесинин камкордугунан ажыраган балдардын балдар үйлөрүндөгү тарбиялоодо эксперттердин 30% фостердик үй-бүлөнүн шарттары ыңгайлуу деген ойлорун билдиришти, 24% - балдар үйүндө жана асырап алууга берүүнү туура жол деп эсептешсе, 16% эксперт туугандарыныкында жана 6% - камкордукка берүүнү туура деп эсептешет [1, кирүү.02.12.2020]

Балдар үйүнө

**биринчиден,** жетим балдар (28%),

**экинчиден,** ата-энелик укуктан ажырагандардын балдары (20%),

**үчүнчүдөн**, ата-энеси абактагылар жана таштап кеткендер (16%) муктаж болсо, 8% жалгыз бой энелердин (аталардын) балдары жана ата-энеси узак дарылануудагы балдар (6%) муктаж [1, кирүү.02.12.2020].

Өкүнүчтүүсү улуттук педагогиканын аз колдонулушу, мындай көрүнүш улуттук педагогиканы тарбиячылар тарабынан калыптандыруу бүгүнкү күндүн зарылчылыгы.

Алардын жашоо шартынын уюшулушундагы шарттар ийгиликтүү социалдашуунун кыйынчылыктарынын негизинде психологиялык өсүшү менен байланышкан кыйынчылыктар келип чыгаары коомго маалым. Социалдык жетимдердин санынын көбөйүшүнүн алдын алуу боюнча чараларды көрүү мамлекеттик стратегиялык көз карашты өзгөртүү менен коштолушу керек. Себеби, ички жана тышкы мигранттардын, жаш үй-бүлөлөргө коом жана мамлекет тарабынан катуу көзөмөлгө алуу, үй-бүлө институтун бекемдөө боюнча массалык маалымат каражаттары аркылуу пропагандаларды жүргүзүү, энелерди баладан ажыратпоо мыйзамдарын иштеп чыгуу керектигин аныктадык.

Көчө балдарынын төмөнкүдөй үч категориясы бар:

1. Ар кандай кырдаалдардан улам дайыма көчөдө жашагандар; булар көчөдө бир айдан ашык жашаган балдар.

2. Көчөдө мезгил-мезгили менен жашагандар, бул балдардын көчөдөгү турмушу демейде бир нече күндөн тартып бир нече жумага чейинки мезгил менен чектелген. Бул категориядагы балдар алкоголик ата-энелердин кезектеги арактын түбүнө түшүп кеткен (запой) мезгилинде, жетим балдар – 147 тарбиячылар жана башкалар менен жаңжалдашууну чечүү мезгилинде көчөдө калат.

3. Үйүндө жашап (түнөп), бирок, өзүнүн негизги муктаждыктарын көчөдө канааттандыргандар. «Балдар үйүндө балдарды адаптация процессинде жөнгө салуу боюнча усулдук программалар же, маалыматтык китепчелер барбы, иштелип чыкканбы», - деген сурообузга баардык эксперттер андай китепчени көргөн эмеспис жана иштелип чыккандыгы тууралуу маалыматтары жоктугун белгилешти.

Көчө балдарынын психикалык абалы: балдардын көбү арыктап, начарлап кеткенин жана ошонун айынан 95 пайызы ооруга чалдыгышканын (Мисалы, аз кандуулук) аныкташкан. Жумушсуздуктун айынан көп балдарды багууга чамалары жетпей, ата-энелеринин ичимдикке берилип кеткенинин айынан көп балдар өз үйлөрүнөн качып, көчөлөрдө тентип күн өткөрүп жүрүшөт. Андан сырткары миграция, ажырашуунун

себебинен, никеге чейинки балдардын саны да көбөйүүдө. ЮНИСЕФ менен «Эл пикир» аттуу коомдун пикирин изилдөө борборунун 2008-жылдагы өткөргөн сурамжылоосуна таянсак, көчөдөгү суралган жалпы балдардын 74 пайызы өз үйлөрүнө ата-энелери менен жашагысы келет. Алардын 1%ти гана азыркы турмушуна көнүп калгандарын айтышкан. Көчөдө калган кароосуз калган балдардын 9%ы үйлөрүнө баргылары келет, бирок ата-энеси менен жашагысы келбейт. Ал эми сурамжылоого катышкандардын 8 пайызы мамлекеттин карамагындагы мекемелерде жашагылары келет Көчөдөгү балдардын үйлөрүнө баргылары келбегенинин себеби: аларды үйүнөн моралдык жана зордук-зомбулук күтүп турарын, өгөй атасынын же, өгөй энеси аны кабыл албагандыгы, үйүндө социалдык шарт жоктугунан келип чыгууда. Мындай балдар интернатка келип түшкөнгө чейин анда пайда болгон терс кесепеттерди психологдун, врачтын, тарбиячылардын, социалдык кызматкердин өз ара аракеттенүүсү менен гана, диогностика жана туура жекече ыкманы тандоо аркылуу оңдоого болот. Балдардын 76 пайзы интернатка психикалык өнүгүшү артта калган деген диогноз менен келип түшөт, бул ата-энеси менен жашап жаткан учурда мектепке барбаган балдар үчүн үйүр алуунун процесси өтө татаал. Балдар жамаатында жашоонун өзгөчө шарты, дайымы балдардын чөйрөсүндө болушу кооптонуунун ансыз да жогору деңгээлин кескин жогорулатат.

Эң оорчулугу - баланы балдар жааматына кыйналтпай үйүр алдыруу, андагы өзүнүн ордун аныктоо. Балдар үйүндөгү баланы мектепке даярдоо, 1-класста окутуу жана орто звеного өтүү учурунда таануу чөйрөсүн жөндөө, бардык курактык категориядагы балдар менен иштөө зарыл. Өспүрүм курактагы балдардын психологиялык абалын оңдоодо жоопкерчиликтүү иш кабыл алынган. Анткени, балдардын 97%ы кооптонуунун жогорку деңгээли, агрессияга, ачууга алдырууга кириптер болушкан. Ошентип, баланы багуу жана тарбиялоо өзгөчөлүктөрүнүн ар кандай социалдык, медициналык, психологиялык, педогогикалык аспектилерин аныктоого болот. Социалдык статус проблемалары баланын социалдык статусунан келип чыгат, ал «эч кимдин» баласы эмес.

Айлана – чөйрөдө эбегейсиз зор сандагы чоң кишилер болгон учурда бала кимдир бирөөнө жакын боло албайт. Мындан тышкары бул аспектиге үй-бүлөдөгү балдардын жана бул балдардын ата-энелеринин тарбиячыларга жактырбас мамилесинен улам келип чыккан проблемаларга кошууга болот. Баарыбызга маалымдай, көчө балдарын тарбиялоонун алда канча артыкчылыктуу формасы – бул үй- бүлө. Мыкты интернат да «начар» ата-энени алмаштыра албайт. Ата-эненин элеси өз үй-бүлөсүнө кайтып келүү үмүтү балада акыркы учурга чейин сакталат. Камкордукка алуучулар «начар» ата-энени алмаштырууга дайыма эле кудиреттүү эмес. Көп учурда балдардын өздөрү үй-бүлөнүн проблемалары үчүн өзүн айыптайт, өз ата-энелеринин проблемаларын чечүүдө аларга жардам берүүгө тийишпиз деп эсептешет[2, 267-б.]

Бирок, көчө балдары маңызы жана себептери менен айырмаланып турат.

Көчө балдары пайда болушунун негизги себептери болуп төмөнкүлөрдү белгилесек болот:

Коомчулугубузда үй-бүлөлүк мамилелерде системалуу, б.а. дайыма болуучу чыр чатактын болушу, чыр чатактын себептери ар кыл болушу мумкун, буга ата-энесинин айласыздан уй-було болуп журушу, бул системалуу чыр-чатактын болушу балага коркунуч фактылары орун алган үй-бүлөдон качып кетке бала көчө балдарынын санына барып кошулат.

Экинчиси себеби болуп, үй-бүлөдо тынымсыз кароого муктаж болгон адамдын балага багууга жүктөлгөндүгүнөн качуусу;

Көчө балдарынын себептеринен – үй-бүлөдөгү оор, турмуштук абалдын, тамак – аштын жетишсиздиги бул үй-бүлө жашоо-турмушун жана моралдык-психологиялык абалын бузуучу объективдүү жагдай болгондуктан, бала үйдон качууга умтулат.

Уй-бүлөдөгү балага денесинин же психикасынын жабыр тартуусуна алып келген жана зыян келтирген же коркунуч туудурган ар кандай атайын аракеттердин негизинде качууга мажбур болот.

Уй-бүлөнүн бир мүчөсүнүн экинчисин атайын кыйноосу, болбосо уруп-согуусу, ден соолугуна зыян келтирүүсү, үй-бүлөнүн бир мүчөсүнүн үй-бүлөнүн экинчи бир мүчөсүнүн эркин жүрүүсүнөн, турак-жайынан, тамак-ашынан, кийим-кечесинен жана кадимки жашоо шартынан атайын камоо алынышы психикалык жактан зала келтирет жана анын негизинде баланын

үйдөн качуусуна түрткү болот, ал эми бала көчө балдарынын санын толуктоого мажбур болот[2, 267-б.] .

Озгөчө үй-бүлөдөгү өгөй эненин же атасынын психикалык зомбулугунан баланы атайылап кордоосу же аны коркутуу, мазактоо, кордоонун абалдары баланын инсандык жетилишинин бузулушуна алып келет, ал эми бала үйдон качуусуна өбөлгө болот.

Кыргыз Республикасынын Конституциясында бекемделген Кыргыз Республикасында үй-бүлө мамилелериндеги бирге жашап жаткан адамдардын ортосундагы мамилелер теңчиликке, ошондой эле инсандын ар-намысы менен аброюн сыйлоо принциптерине негизделет.

Мамлекет келип чыккан маселелерди өз алдынча чече албайт. Ага бардык Кыргызстандыктардын колдоосу керек. Жардамдашуу маселеси финансыда гана эмес, маролдык руханий колдоодо да турат. Эксперттердин пикири боюнча көчө балдарын үй-бүлөсүнөн ажырап калуусунун негизги себептерине аракечтик, наркомания – 20%, миграция процесси – 18%, ажырашуу (14%), жумушсуздук (12%), мамлекеттеги экономикалык начар абал – 10% жана бир катар себептер: никесиз балдардын төрөлүүсү, үй-бүлөдөгү материалдык жетишпестик, жакырчылык, эрте кош бойлуулук [1, кирүү.02.12.2020].

Кыргызстан көз карандысыздыкка ээ болгон күндөн тартып өтө татаал жолду басып өттү, бул процессте калкты социалдык жактан коргоо жана камсыз кылуу системасы өзгөрүп, турмуштун жаңы чындыктарына туш болду[3, 97-б.]. Өткөөл мезгилдин натыйжасында биз коомдун жиктелиши, социалдык топтордун өз кызыкчылыктарын көздөө, экономикалык туруксуздук, жашоо деңгээлинин төмөндөшү, адеп-ахлактын кетиши, социалдык пессимизм сыяктуу социалдык терс көрүнүштөргө кабылдык, мындан биринчи кезекте үй-бүлөлөр жана балдар жапа чекти. Турмуштун катаал жолуна кабылган үй-бүлөлөрдүн маселеси бүгүнкү күндө алар аракечтикке, баңгиликке, оору-сыркоого, оор кара жумушка жана жумушсуздукка байланышкан оор жүктү жеке өздөрү тартып жаткандыгында турат.

Кыргызстан 1994-жылы БУУбалдардын укуктары тууралуу конвенциясы ратификациялангандыгана байланыштуу бул кордоо көргөн баланын укуктарын ким коргойт. Албетте мамлекет, жарандык коом, анткени, бул Конвенцияда бир гана балдардын укуктарын жана мыйзамдык кызыкчылыктарын коргоо талаптары коюлбастан, алардын коомдук жашоого активдүү катышуусун камсыз кылуу талабы да коюлган. Балдардын укуктары жөнүндө конвенция балдардын өтө алсыздыгын таанып-билет, андыктан, буга байланыштуу балдар, айрыкча үй-бүлө тарабынан көрсөтүлгөн камкордукка өзгөчө муктаж. Бул маселелерди чечүү үчүн балдардын укуктарын жана таламдарын коргоого багытталган

мамлекеттин максаттуу саясаты болушу зарыл. Анткени, кандай гана мамлекет болбосун ар түрдүү себептерден улам ата-эне тарабынан каралбай калган балдар бар жана боло берет.

Арабызда таштанды балдардын 23 миңге чукулдап калганын эске албаганда, жашы эрезеге жете элек балдардын базарларда оор жумуштарды аткарып, акча таап иштеп жүрүшөт, үйүнөн безип кеткен өспүрүмдөр, мектепте рекеттерден кордук жеген балдар, жаштайынан сексуалдык кызматтарга барган өспүрүм кыздар, ата-энасинин каалоосу менен жалданма жумушчу болгондор арабызда күн санап көбөйүп бара жатат. Азыркы учурда ата-энесиз, б.а. кароосуз калган балдардын саны өсүүдө [4, кирүү.01.12.2020.].

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик статистикалык маалыматына таянсак, учурда алардын саны 8 минден ашып мамлекеттик балдар үйлөрүндө жана медреселерде тарбияланышууда. Кээ бир чоноюп калган учурда кароосуз калса дагы бирин төрөлгөндө эле ата-энеси таштап кеткен. Ал ортодогу социалдык кызматкерлер коомдогу бул терс окуяларды алдын алуу зарылчылыгын изилдешүүдө. Балдардын кароосуз калгандыгы жана көзөмөлсүздүгү негизги көйгөйлөрдүн бири бойдон калууда. Бүгүнкү күндө мындай балдардын саны 10 минден ашык [4, кирүү.01.12.2020.].

Кээ бир учурда баланы мамлекет ата-энеден тартып алууга аргасыз болот. Себеби ата-энеси ичкен балдарга жакшы тарбия берилбей калуусу мүмкүн.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Социальное положение население Кыргызстана [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.knews.kg/ru/society/5569/.– Загл. с экрана, кирүү: 02.12.2020**.**
2. Эшмуратова, З.Т. Мамлекеттик активдүү саясат аркылуу балдардын укугун коргоону ишке ашыруу [Текст] // З.Т. Эшмуратова З.Т. - Ош МУ нун Жарчысы 2009-ж.267-б.
3. Карасаева Н. Кыргызстандагы балдардын бүгүнкү абалы жана клечеги биринчи жалпы улуттук форм. – Б.,2005 –97-б..
4. Каримджанов, И. Правозащитники: На воспитание детдомов тратится 30-40% выделяемого бюджета [Электронный ресурс] / И. Керимджанов. – Режим доступа: http://www.24kg.org/parlament/118636-gulnaraderbisheva-v-kyrgyzstane-dejstvuyut-vsego.html. – Загл. с экрана. Кирүү: 01.12.2020.


**Рецензент: т.и.к., доцент Алымкулов К.**